УДК: 400

Кутанова Л.

*И. Арабаев ат. КМУ*

# XX К. 20-30-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН МУРАСЫНДАГЫ УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАР АРКЫЛУУ ЖАШТАРДЫ АТАМЕКЕНДИ СҮЙҮҮГӨ ТАРБИЯЛОО

Акыркы кезде Кыргызстан жаштарын Атамекенди сүйүүгө тарбиялоо элибиздин эгемендүүлүгүн сактап, өнүккөн элдердин катарына кошулуу маселесин колго алуу өтө маанилүү болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын тарбиялоо концепциясында (2002-ж.) көрсөтүлгөндөй, «...патриот атуулдук сапаттарды тарбиялоо» жана «аскердик патриотизмге көбүрөөк көңүл бөлүү» талабы коюлуп отурат.

Анткени, Кыргызстанды мекендеген көптөгөн улуттар жана улут өкүлдөрүн «Биз Кыргызстандыкбыз» дей тургандай жалпы мекен сүйүүчүлүк сезим бириктирип турушу тийиш. Андыктан, эң мурда ушул мамлекеттин аталышына ээ болгон кыргыз элинин мекен сүйүүчүлүк сапаттары эң жогорку деңгээлде болуусу керек. Ошондо гана башка мекендештерибиз Кыргыз Республикасын чын эле өз мекенибиз деп эсептей турган абалга жетебиз. Ал эми мекенди сүйүү тарбиясынын анык булагы мектептен башталары белгилүү. Ал мектепте окулуучу сабактарда да, сабактан тышкаркы иш-аракеттерде да уюштурулушу тийиш.

«Патриотизм (гр. patris - мекен) атажуртту жакшы көргөндүк, ага берилгендик, өз иш-аракети менен анын мүдөөсү үчүн кызмат кылууга умтулгандык» - деп Кыргыз Совет энциклопедиясында жазылган. Демек, «патриотизм» түшүнүгү жалпы бир мааниде жеке инсандын белгилүү бир топ же этноско, ошондой эле туулган жерге, элге болгон сүйүүсү, негизги мааниде өз мекенин сүйүү, ага чын дили менен берилип кызмат кылуу дегенди билдирет.

Ал эми, «Атамекенди сүйүү» бул жеке инсандын элине, туулган жерине, тил менен динине, курчаган чөйрөсү менен табиятына, ошондой эле ата-энесине, биртуугандары менен тегерегиндеги жашаган элдерге деген сүймөнчүлүк менен жоопкерчилик сезими деп түшүнөбүз. Мындай касиеттерди калыптандыруу өз улутубуздун улуу интеллигенцияларынын мекенди сүйүү аракеттери менен алардын мурасындагы улуттук баалуулуктар аркылуу иш жүзүнө ашыруунун таасирдүүлүгүн илимий изилдөө менен далилдөөгө аракеттендик.

Үйбүлөдөн башталган тарбияда мекенди сүйүү белгилүү бир энтостук, улуттук мүнөздө болору белгилүү.

Атамекенди сүйүү маселеси жөнүндө бир канча көркөм чыгармалар жазылган. Мисалы, Т.Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери», «Кичинекей патриоттор», С. Сасыкбаевдин «Чалгынчылар», А.Токомбаевдин «Ашырбай», К.Жантөшевдин «Чолпонбай», К.Баялиновдун «Ал эми жетим эмес», Ч.Айтматовдун «Бетме-бет», «Саманчынын жолу», «Эрте келген турналар» ж.б. повесттерде чоң-кичине дебей согуштун жүгүн таза сезим, ыйман, абийир, чыдамкайлык туруктуулук менен көтөрүп, жат көрүнүштөр менен күрөшкөн чыныгы мекен сүйүүчүлөр жөнүндө баяндалат.

Жыйырманчы кылымдын башында жашаган кыргыз интеллигенттеринин улутжандуулук сапаттары улуттук мекен сүйүү негизинде калыптангандыктан кыргыз элинин тарыхый-энтостук мекен сүйүүчүлүк касиеттери элдин эркиндигин, бирдигин өз алдынчалыгын сактоого багытталган.

Кыргыз интеллигенттери билим алып, чоң кишилердин катарына кошулганынан баштап окуу-билим алууну самап, газет-журналдар чыгарууга аракеттенишкен. Бул падышачылык Россия кезиндеги кыргыз интеллигенттеринин мекен сүйүүдөгү агартуучулук багыттагы көрүнүшү.

Октябрь революциясынан кийин кыргыз кайраткерлери саясий бийлик ишине умтулуп, «Алаш» жана социал туран партиясын уюштурат. Бирок алардын өмүрү кыска болгондуктан кыргыз интеллигенттеринин бул иштери иш жүзүнө ашпай калган.

Кеңеш өкмөтү толук орногондон кийин алаш азаматтары саясий-социалдык күрөш аренасына жана агартуучулук, сабатсыздыкты жоюу ишине чечкиндүү киришет. Башталгыч, орто жана жогорку окуу мекемелерине арналган көптөгөн окуу китептерин жана окуу куралдарын жазышат.

Ошентип, кыргыз интеллигенциясынын иш-аракеттери менен чыгармаларындагы улутжандуулукту жогорку класстын окуучулары менен студенттердин мекен сүйүүчүлүгүн өстүрүүдө пайдаланууга боло тургандыгы байкалды. Ошондуктан алардын мурастары аркылуу окуучуларды мекен сүйүүчүлүккө тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн жана аларды предметтик сабактарда (адабият, тарых) жана сабактан тышкаркы иш-чараларда пайдалануу жолдорун караштырдык.

Үйбүлөдөн баштала турган мекен сүйүүнүн тарыхый мүнөздөрү кыргыздын каада-салт жана оозеки адабиятынан ачык байкалат. Мисалы, элдик жомоктон үйбүлөлүк, туугандык, баатырлык көрүнүштөрдү баяндаган ырларда элжандуулук көрүнүш орун алган. Ал XX к. башындагы кыргыз интеллигенттеринин иш-аракеттери менен чыгармачылык эмгектеринде улутжандуулук касиеттерди билүүгө болот. Алар улуттук адабият, тарых, табият илимдеринин терминдерин түзүп, калыптандырууга көп эмгек сиңирди. Кыргыз интеллигенциясынынын мекен сүйүүчүлүгү негизинен окуу китептери менен окуу куралдар, методикалык колдонмолор менен илимий эмгектерде берилген. Алардын эмгектериндеги мекенди сүйүүгө тарбиялоого эң оболу алгачкы кыргыз гезит-журналдарын чыгаруу жана аларга жарыяланган макалаларда кеңири баяндалат. И.Арабаев, К.Тыныстанов, А. Сыдыков, Ж. Абдракманов, А.Орозобеков, С.Карачев, Т.Жолдошев, О.Алиев, С.Нааматов, Т.Айтматов, Э.Эсенаманов ж.б. сыяктуу кыргыз интеллигенттеринин окуучуларды Атамекенди сүйүүгө тарбиялоо мурастарындагы улуттук баалуулуктардын мазмунуна карата төмөнкү таблицада берилди.

1-таблица

Инсанды мекен сїйїїчїлїккє тарбиялоо пайдаланууга сунуш кылынган К И М У баалуулуктар

| № | Кыргыз интеллигенттери | Улуттук баалуулуктар |
|---|---|---|
| 1. | И. Арбаев «Кыргыз алиппеси», «Табият таануу алиппеси», «Жазуу єрнєктєрї», ж.б. эмгектери | Кыргыз мектебин куруу, алиппе жазуу, сабатсыздыкты жоюу, намыскєй, сыймыктануу сезимдерин тарбиялоо |
| 2. | К. Тыныстанов «Окуу китеби», «Ырлар жыйнагы», «Чоўдор їчїн алиппе», «Кыргыз тилинин морфологиясы», «Кыргыз тилинин синтаксиси», «Академия кечелери», котормолору | Кыргыз тилин єнїктїрїї, билим берїї, сабаттуу болуу, тилдин тазалыгы, байлыгы, байланышы, терминдер, алфавитти кабыл алуу. Сыймыктануу, улутжандуу, элжандуу, билимге умтулуу, эл-жер їчїн кызмат кылуу, улут мїдєєсї їчїн иштєє |
| 3. | А. Сыдыков «Кыргыз элинин тарыхынын єнїгїїсїнїн кыскача очерктери», «Кєчмєн топтордун малын жаюуну уюштуруу» ж.б. | Элжандуулук, эгемендїїлїк, теўдик, эркиндик,єз алдынча болуу, отурукташуу, жер эркиндиги, жер ээси, мал чарбасын кєбєйтїї, жайыттарды сактоо, жакырчылыкты жоюу, келечек їчїн кызмат кылуу, улуттук автономия куруу |
| 4. | Ж. Абдракманов «1916 ж. дневник», | Мекен сїйїїчїлїк, єз алдынча |

| | | |
|---|---|---|
| | «Письма Сталину» | мамлекет болуу, көзкарандылыктан кутулуу, коллективдештирүү, индустриялаштыруу маселелери, Улут боштондугу үчүн күрөш. |
| 5. | Б. Данияров «Эне тилин окутуу методикасы», «Арифметика сабагынын методикасы», «Маселелер жыйнагы», «Борбордук кыргыз педагогика техникуму» ж.б. макалалары | Билим берүү, окутуу, мугалимдердин билимин жогорулатуу, аялдар маселеси, кыздарды окутуу, улуттук кадрларды даярдоо, мектеп ачуу, балдарды окууга тартуу улутжандуулугу |
| 6. | С. Нааматов «Тунгуч», «Балдар алиппесинин көрсөтмөсү», «Тынымкан» пьесасы | Мекен сүйүү, улут маселеси, теӊ укуктуулук, шайлоонун ачыктыгы, чындыгы сабат ачуу, билимге элди сугаруу, аялдардын теӊдиги |
| 7. | Т. Жолдошев «Колхоз курулушу жөнүндө», «Маданий курулуштук милдеттери жөнүндө» ж.б. | Чарбачылык маселеси, колхоз курулушу, элдин жашоо тиричилиги, клуб, мектеп, театр, музей, мончо куруу  маселелери |
| 8. | С. Карачев «Төрага Зейнеп», «Эрксиз күндөрдө», «Эрик таӊында» | Аялдар теӊдиги, элжандуулугу, эркиндик, тил илими, билим алуу, жаштарды улуттук сезимге тарбиялоо |
| 9. | Э. Эсенаманов «Кыргызстанда мал чарбасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик планы» | Мал чарбасында жаш малдарды көбөйтүү, жайыт маселеси, пландаштыруу, окутуу, үйрөтүү, которуштуруп айдоо, жайытты туура пайдалануу, эл-жерди сүйүү |
| 10. | Т.Айтматов саясий-социалдык иш-аркеттери, жоoптуу кызматта эл үчүн акниет иштегени | Элжандуулугу, чынчылдыгы, билимдүүлүгү, намыскөй жана аркетчил сапаттары эл үчүн жанын аябай иштегени |
| 11. | О.Алиев «Эркин Тоо» гезитиндеги макалалар | Билим, илим, сабаттуулук идеялары, улуттук тарбия, улут мүдөөсү үчүн иштөө |

Педагогикалык жана психологиялык, өзгөчө тарыхый-педагогикалык изилдөөлөрдө негизинен кыргыз акын-ырчылардын Калыгул, Молдо Кылыч, Арстанбек, Тоголок Молдо, Токтогул ж.б. чыгармаларындагы таалим-тарбиялык мурастарга көӊүл бөлүнгөнү жалпыга маалим. Кыргыз «агартуулары» деген түшүнүктө элди билимге, илимге, маданиятка, сабаттуулукка, прогресске жана өнүгүүгө багыттоо деп белгиленет. Анын ичинде интеллигенттердин инсан тарбиясынын бардык багыттары тууралуу көзкараштарын жетекчиликке алып, окумуштуулар «агартуучулук» феноменин ар тараптан изилдешкен. Агартуучулар философия, филология, тарых, социология, психология, педагогика илимдеринде да кеӊири пайдаланылууда. Бул изилдөөлөргө таянып, педагогдор агартуучулуктун тарыхый-педагогикалык жактан биримдүүлүгүн четке какпайт.

Биз өз изилдөөбүздө XX к. башындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды  Атамекенди сүйүүгө тарбиялоо маселесин караштырдык. Кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы идеялар XIX к. экинчи жарымында жана XX к. башындагы акын-ырчылардын  социалдык жана таалим-тарбиялык ойлору менен үндөш экени байкалат.  XX к.  башындагы кыргыз

интеллигенттери тикелей саясий-тарыхый көтөрүлүштөр жана күрдөөлдүү өзгөрүштөр убагында социалдык, агартуучулук, эразаматтык маселелерди чечүүгө аралашууга мажбур болгон.

Ошондуктан, XX к. башындагы кыргыз интеллигенциясынын өмүрлөрү да, алардын мурастары да окуучуларга мекенди сүйүүгө тарбиялоодо маанилүү курал боло алат. Алардын кээ бирлерине көңүл бөлөлү.

И. Арабаевдин эмгектеринде мекенди сүйүү маселеси ар тараптан чагылдырылганын байкайбыз. Анын өмүр жолу, иш-аракети эл үчүн, билим үчүн жумшалганын белгиледик. Ал алгачкы «Алиппе» окуу китебин түзүүчү, чыгаан педагог, агартуу майданынын көч баштоочусу, коомдук ишмер экенин баса белгиледик.

Сабатсыз элдин ичинен суурулуп чыгып, билим алып Кыргыз АССРинин эл агартуу комиссары болуп иштеген К.Тыныстанов алгачкы «Окуу китебин» жазып, «Чоңдор үчүн алиппе», «Кыргыз тилинин морфологиясы», «Кыргыз тилинин синтаксиси» аттуу окуу-илимий эмгектерди жазган биринчи профессор кыргыз тил илимине негиз салган окумуштуу гана болбостон, чоң акын, кыргыз драматургиясына негиз салуучулардын бири, кыргыз элинин билим-илим алуусуна кам көргөн элжандуу инсандын өмүрү жана чыгармаларын окуп үйрөнүү болочок муундарды өз эл-жерин сүйүүгө тарбиялоочу маанилүү курал экени баса айтылды.

А. Сыдыков менен Ж. Абдракмановдун саясий-коомдук ишмердиги, кыргыз мамлекетинин гүлдөп өсүшү, өз алдынча эгемендүү болуусу, Кыргыз ССРинин түзүлүшү, эне тилде сүйлөө, иш кагаздарын өз тилде жүргүзүү, эне тилде окутуу, гезит-журнал чыгаруу маселесин чечүүгө чоң салым кошкон интеллигенттер В.И.Ленин менен И.В.Сталинге тартынбай кыргыз элинин тагдырын баяндаган кат жазганы, эл-жерин сүйгөн патриоттордун өмүрү жана эмгектери тарбия ишинде чоң мааниге ээ.

Б. Данияровдун агартуу, билим-илим, мектеп жөнүндөгү макалалары, кыз балдарды окууга тартуу, кам көрүү жөнүндөгү ойлору көптөгөн социалдык жана экономикалык жагдайларга байланыштуу мекен сүйүүчүлүк көзкараштарын көрсөтөт. «Мен ак жүрөк менен иштеген чыныгы эл мугалими элем, ошол жолдо өлөм...» - деген сөзү эл үчүн жанын аябай кызмат кылган атуулдук өрнөгү балдар үчүн чоң тарбия.

Б. Данияровдун кыргыз коомундагы аялдар тагдыры тууралуу айткандары, анын ичинде кыргыз кыздарын окутуу, алардын социалдык теңсиздигине байланыштуу улуттук мекен сүйүүчүлүк көзкараштарынын бир түрү деп билебиз.

Э. Эсенамановдун айыл маданияты, мал чарбасын өстүрүү, жайыт маселеси, айыл чарбасында которуштуруп айдоо, пахта өстүрүү, жер-жемиштерди көбөйтүү жана өндүрүш маселелери жөнүндө жазган макалалары азыркы күндө да өз маанисин жоготкон жок. Жер бөлүштүрүү, чек ара маселеси, элдин отурукташып чарба курууда, мекен сүйүүчүлүк сапаттарынын бир көрүнүшү деп эсептейбиз.

О. Алиев «Эркин тоо» гезитинде редактор болуп турганда сөз эркиндиги, автордун оюн колдоо, эл агартуу иштерин жакшыртуу, мугалимдерге кыска мөөнөттөгү курстар ачып, билимин жогорулатуу сыяктуу макалалар жарыяланып, элди тааныштырып, кыргыз мектебин кас тургузган патриот өз кесиптештери И. Арабаев, К. Тыныстанов, А. Шабданов менен бирдикте көп аракеттенген.

С. Карачев өзүнүн ырлары менен пьесаларында кыргыз элинин турмушун, каада-салтын, ой-санаасын, турмуштагы терс көрүнүштөрдү сынга алып «жаңы заманда жаңыча жашоо» маселесин көтөргөн. Ал «эрксиз күндөрдө» повестинде эски замандагы аялдардын теңсиздиги, укуксуздугу тууралуу сөз кылып, жаңы доор жөнүндө баяндаганы улутжандуулук көзкарашынан кабар алабыз.

Т. Жолдошевдин маданий иштерди жакшыртуу, өлкөдө театр, музей, клуб, филармония ачуу, алардын иштерин оң жолго коюп, бул мекемелердин тарбиялык маанисин баса белгилеген макалалары мекенин сүйүүгө тарбиялоо идеясын көтөргөнүнө күбө болобуз.

С. Нааматовдун мекен сүйүүчүлүк идеялары «Кыргызстан» басмасында иштеп жүргөндө жазган макала, аңгеме, пьесаларынан көрө алабыз. Анын «Студент менен

туташ», «Барса келбес сапар», «Тынымкан» деген аңгеме повесттери, «Он алтынчы жыл» деген пьесасы карапайым элдин турмушу, салт-санаасы жөнүндө баяндалып, эң күчтүү саясий-тарбиялык, улутжандуулук таасир берген кубаттуу курал болуп эсептелет.

Ошентип, XX к. башындагы баалуулуктардын улуттук мүнөздөмө берилишине байланыштуу кыргыз интеллигенттеринин улуттук баалуулуктарын өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө туура келди.

Кыргыз интеллигенттеринин жана агартуучулардын чыгармалары менен окуучулар 9-класстан таанышкандан кийин, 10-11-класстарда жана 1-2-курста окуучулар кыргыз адабиятынан алган билимдерин кошумча окуу аркылуу толуктап, аларды талдап, өз көзкараштары менен баалоого үйрөнүшөт. Ошону менен бирге аталган интеллигенттердин публицистикалык чыгармаларын да программага кошуу керек.

Ошондой эле, пикир алмашуу, жолугушуу тематикалык кечелер, конференциялар мектептеги өткөрүлгөн иш-чараларга кошулса, окуучуларды мекен сүйүүгө тарбиялоого толук мүмкүндүк болор эле деген ойдобуз.